***Анаркулова Э.С. -*** *Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын жер, агрардык жана экологиялык укук кафедрасынынулук окутуучусу*

**УДК 35.072:349.4(575.2)**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖЕР МЫЙЗАМДАРЫН БУЗУУ УЧУН АДМИНИСТРАТИВДИК ЖАЗА ЧАРАЛАРЫНЫН ТУРЛӨРУ

***Аннотация:*** *Бул иште Кыргыз Республикасында жер мыйзамдарын бузууга административдик жаза чараларынын маселелери каралган. Атап айтканда, административдик жаза чараларынын негизги жана кошумча турлөру аныкталган, ошондой эле Россия Федерациясынын, Казакстан Республикасынын мыйзамдарынын мисалында административдик жаза чараларынын турлөру изилденген.*

***Аннотация:*** *В данной работе рассмотрены вопросы административного взыскания за нарушения земельного законодательства в Кыргызской Республике. В частности определены основные и дополнительные виды административных взысканий, также исследованы виды административных взысканий на примере законодательства Российской Федерации, Республики Казахстан.*

***Annotation:*** *In this work we considered the issues of administrative penalties for violations of the land legislation in the Kyrgyz Republic. In particular defined the basic and additional types of administrative penalties also investigated the types of administrative penalties by the example of the legislation of the Russian Federation, the Republic of Kazakhstan.*

***Негизги сөздөр:*** *Административдик жоопкерчилик, административдик жаза чаралары, административдик жаза чараларынын классификациясы, негизги административдик жаза чаралары; кошумча административдик жаза чаралары*

***Ключевые слова:*** *Административная ответственность, административное взыскание, административное правонарушение, классификация административных взысканий, основные административные взыскания, дополнительные административные взыскания*

***Keywords:*** *Administrative responsibility, administrative penalty, an administrative offense, the classiication of administrative penalties, the main administrative sanctions, additional administrative sanctions.*

Административдик жаза чаралары - бул мыйзамдарды кыйшаюусуз сактоо, укук бузуучунун өзу, ошондой эле башка адамдардын жаңы административдик укук бузууларды жасашын алдын алууга ылайык административдик укук бузууну (жазыкты) жасаган адамды тарбиялоо максатында административдик укук бузууну жасоо учун сот (судья), орган (кызмат адамы) колдонгон мамлекеттик мажбурлоонун чарасы.

КРда административдик укук бузууларды жасагандыгы учун төмөндөгудөй жаза-чаралардын турлөру колдонула алат:

1) эскертуу;
2) айып;
3) кызмат адамын кызматынан четтетуу;
4) ишкердиктин белгилуу бир туру менен иштөөгө лицензиясынан (уруксатынан) ажыратуу;
5) аталган жаранга берилген атайын укуктан (транспорт каражаттарын башкаруу укугунан, аңчылык укугунан, ок атуучу куралды сактоо укугунан, радио электрондук

каражаттарды же жогорку жыштыктагы жасалгаларды эксплуатациялоо ж.б.д.у.с. укугунан) ажыратуу;

6) Жол кыймылынын эрежелерин билуусун текшеруу;

7) иштин белгилуу бир турун токтото туруу, объектти анын алгачкы калыбына келтируу, объектти же болбосо анын бөлугун бузуу (демонтаждоо);

8) административдик укук бузууну ишке ашыруунун куралы же анын туздөн-туз объектиси болгон буюмзатты конфискациялоо;

9) администрациялык камоо;

10) чет элдик жарандары жана жарандыгы жок адамдарды Кыргыз Республикасынын чегинен чыгаруу;

11) чет өлкөлук жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын Кыргыз Республикасында болуу мөөнөтун кыскартуу колдонулушу мумкун.

12) бажы укуктарын бузуунун туздөн-туз объектиси болгон товарлардын жана транспорт каражаттарынын, Кыргыз Республикасынын бажы чек арасы аркылуу бажы укуктарын бузуунун туздөн-туз объектиси болгон нерселерди жашырып алып өтуу учун пайдаланылган, атайын даярдалган жашыруун жерлери бар товарлардын жана транспорт каражаттарынын наркын өндуруп алуу. Мында, бажы эрежелерин бузуунун туздөн-туз объектиси болгон товарлардын жана транспорт каражаттарынын, Кыргыз Республикасынын бажы чек арасы аркылуу бажы эрежелерин бузуунун туздөн-туз объектиси болгон нерселерди жашырып алып өтуу учун пайдаланылган, атайын даярдалган жашыруун жерлери бар товарлардын жана транспорт каражаттарынын наркын өндуруп алуу, укук бузуу айкындалган кунге карата мындай товарлардын жана транспорт каражаттарынын рыноктук баасына пайыздык катыштагы акчалай сумманы өндуруп алууну билдирет жана кошумча жаза-чара катары колдонулат.

13) коомдук иштерге тартуу.

РФнын административдик укук бузуулар тууралуу кодекси административдик жазалардын төмөндөгу турлөрун беките тургандыгын биздин оюбуз боюнча белгилеп кетуу кызыктуу болот:

1) эскертуу;
2) административдик айып;
3) административдик укук бузууну жасоонун куралын же предметин конфискациялоо;
4) жеке адамга берилген атайын укуктан ажыратуу;
5) административдик камоо;
6) чет элдик жарандары жана жарандыгы жок адамдарды Россия Федерациясынын чегинен чыгаруу;
7) дисквалификациялоо;
8) ишин административдик токтотуу;
9) милдеттуу жумуштар;
10) аларды өткөруу кунунде расмий спорттук мелдештерди өткөруу жерлерине барууга административдик тыюу салуу.

Дисквалификацияга бир аз токтолуу керек, анткени КР АЖК мындай административдик жаза чарасын камтыбайт. Дисквалификация жеке жакты федералдык мамлекеттик жарандык кызматтын кызматтарын, Россия Федерациясынын субъектисинин мамлекеттик жарандык кызматынын кызматтарын, муниципалдык кызматтын кызматтарын ээлөөдөн ажыратууда, юридикалык жактын башкаруусунун аткаруу органында кызматты ээлөөдөн, директорлор кеңешине (байкоочу кеңеш) кируудөн, юридикалык жакты башкаруу боюнча ишкердик ишин ишке ашыруудан, Россия Федерациясынын мыйзамдары менен каралган башка учурларда юридикалык жакты башкарууну ишке ашыруудан, же мамлекеттик жана мунципалдык кызматтарды көрсөтуу боюнча ишти ишке ашыруудан же спортчуларды даярдоо (аларды медициналык камсыздоону кошкондо) чөйрөсундө жана спорттук иш чараларды уюштуруу жана өткөруу чөйрөсундө, же өндуруштук коопсуздуктун экспертизасын жургузуу чөйрөсундө

ишти ишке ашыруудан, же медициналык же фармацевтикалык ишти ишке ашыруудан ажыратууда камтылат. Дисквалификация турундө административдик жазалоо судья тарабынан белгиленет жана алты айдан уч жылга чейинки мөөнөткө белгиленет. Ошондой эле милдеттуу жумуштар жана аларды өткөруу кунуне расмий спорттук мелдештерди өткөруу жерлерине барууга административдик тыюу салуу административдик жазалоо катары КР АЖКда жок.

РФ АЖК кызмат адамын кызматынан четтетуу; ишкердиктин белгилуу бир туру менен иштөөгө лицензиясынан (уруксатынан) ажыратуу; жол кыймылынын эрежелерин билуусун текшеруу; чет өлкөлук жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын болуу мөөнөтун кыскартуу; бажы укуктарын бузуунун туздөн-туз объектиси болгон товарлардын жана транспорт каражаттарынын наркын өндуруп алуу, бажы чек арасы аркылуу бажы укуктарын бузуунун туздөн-туз объектиси болгон нерселерди жашырып алып өтуу учун пайдаланылган, атайын даярдалган жашыруун жерлери бар товарлардын жана транспорт каражаттарынын наркын өндуруп алуу сыяктуу административдик жаза чараларын камтыбай тургандыгын белгилөө кызыктуу болот.

Казакстан Республикасынын мыйзамдары боюнча административдик укук бузууларды жасоого төмөндөгу административдик жаза чаралары колдонулушу мумкун:

1) эскертуу;
2) административдик айып;
3) административдик укук бузууну жасоонун куралы же предмети болгон предметти конфискациялоо, ошого тең административдик укук бузууну жасоодон улам алынган мулкту конфискациялоо;
4) атайын укуктан ажыратуу;
5) уруксат беруудөн ажыратуу же анын аракетин токтотуу, ошондой эле аны реестрден чыгаруу;
6) ишти токтотуу же тыюу салуу;
7) мыйзамсыз тургузулуп жаткан же тургузулган курулушту мажбурлап бузуу;
8) административдик камоо;
9) Казакстан Республикасынын чегинен чет элдик жарандарды же жарандыгы жок адамдарды административдик чыгаруу.

Казакстан Республикасынын административдик мыйзамдары мыйзамсыз тургузулуп жаткан же тургузулган курулушту мажбурлап бузуу сыяктуу административдик жаза чарасын камтыбагандыгы биздин оюбуз боюнча кызыктуу болуп саналат. Бирок административдик жазалоо чаралары КР АЖКда кецири каралган, жана жол кыймылынын эрежелерин билуусун текшеруу; чет өлкөлук жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын Кыргыз Республикасында болуу мөөнөтун кыскартуу; бажы укуктарын бузуунун туздөн-туз объектиси болгон товарлардын жана транспорт каражаттарынын наркын өндуруп алуу, кызмат адамын кызматынан четтетуу сыяктуу санкциялар Казакстан Республикасынын АЖК камтылган эмес.

КР АЖКда административдик жаза чараларынын классификациясы бекемделген, ал аларды эки тургө бөлөт: негизги жана кошумча. Эскертуу,айып жана административдик камоо негизги административдик жаза чаралары катары гана белгиленет жана колдонулат. Жарандарды берилген атайын укуктан ажыратуу, жол кыймылынын эрежелерин билуусун текшеруу; ишкердиктин белгилуу бир туру менен иштөөгө лицензиясынан (уруксатынан) ажыратуу; иштин белгилуу бир турун токтото туруу, объектти анын алгачкы калыбына келтируу, объектти же болбосо анын бөлугун бузуу (демонтаждоо); кызмат адамын кызматынан четтетуу, чет өлкөлук жарандардын болуу мөөнөтун кыскартуу; чет элдик жарандары жана жарандыгы жок адамдарды Кыргыз Республикасынын чегинен чыгаруу; негизги жана кошумча административдик жаза чаралары катары белгиленип жана колдонула алат. Административдик укук бузууну ишке ашыруунун куралы же анын туздөн-туз объектиси болгон буюмзатты конфискациялоо кошумча жаза чарасы катары гана белгиленет жана колдонулат. Мында АЖКда бир административдик укук бузуу учун

КР АЖП Өзгөчө бөлугунун колдонулуучу беренесинин санкциясында көрсөтулгөндөрдун ичинен негизги же кошумча административдик жаза чарасы салынышы мумкун.

Өзубузгө аталган жазалардын ар бир турунө токтолууга уруксат берели.

Эскертуу жасалган административдик укук бузууну мамлекеттин расмий айыптоосунан жана укукка каршы журум-турумдун мумкун эместиги жөнундө эскертуусунөн турат. Административдик жаза чарасы катары эскертуу жазуу формасында чыгарылат. Өзунун мазмуну боюнча административдик жаза чарасы катары эскертуу моралдык мунөздөгу гана жаза санкциясын билдирет, анткени маңызы боюнча укук бузуучуга расмий (мамлекеттин атынан) жана легалдуу моралдык зыян келтируу менен билдирилет {1}. Бирок, административдик-укуктук адабияттарда белгиленгендей башка административдик жаза чаралары менен салыштырмалуу мындай эскертуудө жазалык таасир көрсөтуунун дозасы минималдуу, жана ал көпчулук учурда тарбиялоо-превентивдуу мунөзгө ээ болот.

Айып административдик укук бузууга жасоого кунөөлуу адамга сот (судья), ыйгарым укуктуу орган (кызмат адамынын) тарабынан салынган мамлекеттин пайдасына акчалай ордун толтуруу.

Айыптын өлчөму административдик укук бузууну жасоо учуруна белгиленген эсептик көрсөткучкө таянып, ошондой эле пайыздык туюнтууда аткарылган жумуш, товар жана укук бузуунун туздөн-туз объектилери болуп саналган транспорттук каражаттардын наркынан, жана товарларды сатуудан (жумуштар, кызматтар) укук бузуучунун пайдасынын суммаларынан аныкталат.

Товарлардын жана транспорттук каражаттардын наркынан пайыздык туюнтууда эсептелген айып турундө жаза чарсын салууда бул предметтердин наркында укук бузууну аныктоонун кунунө алардын рыноктук баасы тушунулөт. Жарандарга салынган айыптын минималдуу өлчөму өлчөмдун 0,1 аз эмес болууга, кызмат адамдарына - эки эсептик көрсөткучтөн аз эмес болууга тийиш.

Жарандарга салынган айыптын максималдуу өлчөму жуз, кызмат адамдарына эки жуз эсептик көрсөткучтөн ашпоого тийиш.

Юридикалык жакка салынган айыптын минималдуу өлчөму жуз эсептик көрсөткучтөн аз болбоого тийиш.

Юридикалык жакка салынган айыптын максималдуу өлчөму бир миң эсептик көрсөткучтөрдөн ашпоого тийиш, же аракеттеги ченемдер жана мыйзамдык актыларды бузуу менен жургузулгөн аткарылган жумуштун наркынан жыйырма пайыздан ашпоого тийиш.

Товарларды (жумуштарды, кызматтарды) сатуудан укук бузуучунун пайдасынан суммага таянып эсептелген айыптын минималдуу өлчөму, пайданын суммасынын жыйынды өлчөмунөн жыйырмадан биринен аз болбоого тийиш. Бардык товарларды (жумуштарды, кызматтарды) сатуудан укук бузуучунун пайдасынан сумманын жыйынды өлчөмунөн айыптын мкксималдуу өлчөму, пайданын суммасынын жыйынды өлчөмунөн ондон биринен ашпоого болбоого тийиш. Адатта, айыптын укуктук жаратылышы жалпы-укуктук катары аныкталат жана ал негизги административдик жаза катары сапатында гана колдонула алат.

Административдик жаза чараларынын негизги турлөру катары административдик камоо райондук (шаардык) соттун судьясы тарабынан аныкталат, он беш суткага чейин мөөнөткө колдонулат, коомдук тартипти бузуу учун өзгөчө же аскердик абал шарттарында - ошондой эле уч суткага чейин мезгилге аскер коменданты же ички иштер органынын начальниги тарабынан аныкталат. Административдик кармоо он сегиз жашка чыга электерге, кош бойлуу аялдарга жана он төрт жашка чейинки баланы жалгыз баккан аялдарга жана адамдарга, ошондой эле биринчи жана экинчи топтогу майыптарга колдонула албайт.

Каралуучу административдик жаза чарасынын кийинки туру - кызмат адамын ээлеген кызматынан бошотуу. Мында, жарандарга, юридикалык жактарга, мамлекетке зыян келтирген Президенттин жарлыктарын, Өкмөттун жана Жогорку Кеңештин ток-

томдорунун талаптарын аткарбаган кызмат адамы ээлеген кызматынан четтетилиши мумкун.

Ыйгарым укуктуу чарбалык субъектке берилген иштин белгилуу бир туру менен алектенуугө лицензиядан (уруксаттан) ажыратуу, ушул укук менен колдонуу тартибин системалуу бузуу учун уч жылга чейинки мөөнөткө колдонулат. Мындай укуктан ажыратуунун мөөнөту уч айдан аз эмес болууга тийиш.

Бул жаранга берилген атайын укуктан (транспорттук каражаттарды башкаруу укугу, ацчылык укугу ж.б.) соттун чечими боюнча ажыратуу ушул укук менен пайдалануу тартибин олуттуу же системалуу бузуу учун төрт жылга чейинки мөөнөткө колдонулат. Мындай укуктан ажыратуу уч айдан аз боло албайт.

Транспорттук каражаттарды башкаруу укугунан ажыратуу алкоголдук, баңгилик мас болуу абалында башкаруу, ошондой эле алар катышуучусу болуп саналган жол-транспорттук окуясын өз алдынча калтыруу учурларынан тышкары, майыптыгына байланыштуу бул каражаттар ме-нен пайдаланып жаткан адамдарга карата колдонула албайт.

Жол журуу эрежелерин жетишсиз билуу себеби боюнча административдик укук бузууларды жасаган транспорттук каражаттардын айдоочулары административдик айып салуу менен катар, экзамендерди кайра өтуугө жиберилиши мумкун.

Иштин белгилуу бир турун ишке ашырууда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын бузуу учурунда иштин бул туру аныкталган бузууларды четтетуугө чейин токтотулат, объект -баштапкы абалына калыбына келтирилет же объект же анын бир бөлугу бузулат (демонтацияланат).

Административдик укук бузууну жасоонун же туздөн-туз объектиси болуп саналган предметтерди конфискациялоо бул предметтерди мамлекеттин менчигине мажбурлап кайтарымсыз кайтарууда турат. Конфискация сот (судья) тарабынан гана колдонулат. Аңчылык куралын жана согуштук кошумчаларды, аңчылыктын уруксат берилен куралдарын конфискациялоо жашоосунун негизги мыйзамдуу булагы болгон адамдарга карата колдонула албайт.

Жыйынтыгында, колдонуудагы административдик мыйзам административдик жоопкерчиликтин универсалдуу аныктамасын бекитпесе дагы, ал административдик укук бузуулардын конкреттуу турлөрун караган, анын ичинде, мында административдик жаза чараларынын турлөрун бекитуу менен, жер менен байланыштуу жана административдик жоопкерчиликти укук бузуучуга таасир көрсөтуу чараларын колдонууда көрсөтулгөн мындай укук бузууга мамлекеттин аракет кайтаруусуна административдик жоопкерчиликти теңдеген.

Мында жер менен байланыштуу укук бузууга төмондөгудөй аныктама берууге болот, мыйзамдын негизинде административдик жоопкерчиликке алып келген жерди пайдалануу же тескөө менен байланыштуу жеке жана юридикалык жактардын укукка каршы жана кунөлуу аракетин жана аракетсизидигин тушунуу керек.